*Кумашова А.А.*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА МАСЕЛЕ ЧЫГАРУУНУН ЖОЛДОРУ

*Кумашова А.А.*

# ПУТИ РЕШЕНИЯ ЗАДАЧ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

*A. Kumashova*

# WAYS OF SOLVING TASKS IN PRIMARY SCHOOL

*УДК: 373.2.*

*Бала үчүн жөнөкөй маселелерди чыгарууну билүү эмес, өз алдынча иштөө жана маселенин бардык түрлөрүн чыгарууга үйрөтүү маанилүү болуп саналат. Ошондуктан бул макалада башталгыч класстын окуучусун жөнөкөй маселени чыгаруунун ыкмасына үйрөтүү каралды.*

***Негизги сөздөр**: математика, жөнөкөй маселе, маселенин шарты, маселенин суроосу, предметтик көрсөтмөлүү, схематикалык моделдөө.*

*Для ребенка не только знание решение простых задач, но и важно научить его работать самостоятельно и решить всех видов задач. Поэтому в данной статье рассматриваются методы решение простых задач учениками начальных классов.*

***Ключевые слова:** математика, простое задание, условия заданий, вопрос задачи, предметная наглядность, схематическая модель.*

*For a child not only the knowledge of solving simple problems, but it is important to teach him to work independently and to solve all types of problems. Therefore this article discusses methods for solving simple problems of students in elementary classes.*

***Key words:** mathematics, a simple task, conditions, tasks, problem, objective clarity, a schematic model.*

Башталгыч класстын окуучуларына жаңы билимдерди жөн гана түшүндүрүп койбостон, ал билимдерди турмушта колдоно билүүгө үйрөтүүбүз керек. Бул билимдерди окуучуларга маселе иштетүү аркылуу берсек, анда алар алган билимдерин турмушта өз орду менен колдоно билүүгө көнүгүшөт [1].

Башталгыч класстын математика курсунда маселе дегенде жашоо абал сандык компоненттер менен мүнөздөлгөн атайын текстти түшүнөт. Абал сөзсүз сандык компонеттерден көз каранды. Маселе текст түрүндө берилет да, реалдуу дүйнө менен сандардын ортосундагы байланыштарды чагылдырып көрсөтөт. Мына ошондуктан, маселенин текстин реалдуу чындыктын бир бөлүгүнүн модели катары кароого болот [5].

Маселе чыгарууда төмөнкүдөй баскычтарды ишке ашырат:

1. Даярдоо иши.
2. Маселенин мазмуну боюнча түшүндүрүү иши.
3. Маселени талдоо (анализдөө). План түзүү жана чыгаруу жолдорун издөө.
4. Чыгарылышын жана жообун жазуу.
5. Чыгаргандан кийин жообун текшерүү.

Жөнөкөй маселелерди чыгаруунун баскычтары бир жагынан арифметикалык кыймыл түшүнүгүн калыптандыруу болсо, бир жагынан тексттүү маселени чыгарууну үйрөтүүгө болот [4].

Даярдоо этабында конкреттүү жөнөкөй маселени чыгарууда балдарга тапшырма берүү зарыл. Окуучу маселени канчалык түшүнүп чыгара ала тургандыгын мугалимге текшерүү мүмкүнчүлүк берилет. Мындай иш-аракет предметтик же схемалык көргөзмөдө өткөрүлөт.

Даярдоо этабында жөнөкөй маселелерди чыгарууда кошууга жана айырмага карата төмөндөгүдөй тапшырма иштетүүгө болот. Мугалим окуучуларга ар түстөгү тегерекчелерди көрсөтөт: кызыл, көк, жашыл. Мугалим математикалык эсеп аркылуу окуучулардан канча кызыл, канча көк тегерекче бар экенин сурайт. Андан кийин балдар маанисин табат: 3+2.

Ал эми айырманы табууга карата маселе чыгарууда көрсөтмөлүү кылып өткөн жакшы.




Мындай сүрөт окуучу үчүн аткарууга оңой жана дагы оң эмоцияны пайда кылат: окуучулар даяр нерседен схеманы көңүлдөрү менен түзө алышат (цифрасы бар карточкалар менен), схеманы доскага чийишет жана дептерлерине кыйынчылыксыз эле жазышат.

Экинчи баскычта жөнөкөй маселенин мазмуну боюнча түшүндүрүү иштеринин негизинде мугалим бардык сөздү түшүндүрөт же балдарга бардыгы түшүнүктүү болот. Кошуу жана кемитүүгө карата маселе чыгарууда бул термин: улуу-кичүү, кымбат-арзан деп аталат.

Үчүнчү баскычында маселени талдоодо маселе чыгаруунун планын түзүү жана чыгаруу жолдору кирет. Маселени талдоо аналитикалык жана синтетикалык болот. Мисал келтирели.

Биздин шаарда 10 мектеп болгон. Быйылкы жылы дагы мектеп курулуп бардыгы 12 мектеп болду. Быйылкы жылы канча мектеп жаңы курулду.

Суроосунан талдоо (аналитикалык)

- Маселенин суроосуна жооп берүүдө эмнени билиш керек (канча мектеп жана канча болгонун билиш керек).

- Канча мектеп болгону белгилүүбү? (белгилүү: 10).

- Канча мектеп болгону белгилүү (12 мектеп).

- Канчага көп болду (2ге).

- Демек, канча мектеп курулду (2 мектеп).

- 2 мектепти кантип таптык? (12-10=2)

- Жообун жазабыз: 12-10=2 (мектеп).

Берилишинен баштап талдоо (синтетикалык)

- Маселеде эмне белгилүү? (10 мектеп болгон, эми 12 мектеп болду).

- Канчага көп болгонун таба алабызбы? (Ооба, 12-10=2).

- Демек, канча мектеп курулду (2 мектеп).

- Жообун жазабыз: 12-10=2 (мектеп).

Негизинен мугалим жөнөкөй масeлени чыгаруунун башында эле аналитикалык методду пайдаланат. Психологиянын көз карашы боюнча бул тура эмес, анткени баллада 6-8 жашта синтетикалык шыгы калыптана элек болот.

Төртүнчү этап чыгарылышын жана жообун жазуу ар кандай түрдө жүргүзүлөт:

1. Шарты түшүндүрүүсү жок. Мында жообу толук жазылат.

2. Шарты түшүндүрүүсү менен. Мында жообу кыскача жазылат.

3. Шарты суроосу менен.

Мисалы: Маляр бир үйдүн 6 эшигин, экинчи үйдүн 4 эшигин сырдаш керек. 7 эшикти сырдады. Малярга дагы канча эшик сырдаш керек?

Шартын жооп аркылуу жазуу:

1. 6+4=10 (э)

2. 10-7=3 (э)

Жообу: дагы 3 эшик сырдаш керек.

Шарты түшүндүрүүсү менен:

1. 6+4=10 (э) – сырдаш керек

2. 10-7=3 (э) – калган эшик

Жообу: 3 эшик.

Шарты суроосу менен:

1. Бардыгы канча эшик сырдаш керек?

6+4=10 (э)

2. Сырдоо үчүн канча эшик калды?

10-7=3 (э)

Жообу: 3 (э).

Жогоруда айтып кеткендей окуучу масeлени чыгарганды жакшы түшүнүү үчүн мугалим предметтик же схемалык көргөзмөдө өткөрсө болот.

Масeлени чыгарууда предметтик көрсөтмөлүү ыкмасы. Бул ыкма менен мугалим масeле чыгаруунун алгачкы этабында колдонсо болот. Анткени окучу масeленин маанисин түшүнүү керек, ал эми маанисин түшүнүүдө көрсөтмөлүүлүк ыңгайлуу. Мындай моделдөөнү колдонууда окуучунун өз алдынча иштөөсүнө мүмкүнчүлүк болот [4].

*Мисалы: аквариумда балыктар сүзүп жүрөт. 2 балыкты алгандан кийин, 4 балык калды. Аквариумда канча балык бар эле?*

Мындай масeледе алгач окуучуларга кыйынчылык болот, анткени «алды», «калды» деген сөздөрдөн аларда «кемитүү» түшүнүгү пайда болот да, 4-2=2 деп айтышып коюшу мүмкүн.

1-класста ушундай масeлелерди чыгарууда предметтик ыкма өтө пайдалуу. Мугалим коробкага бир нече балыктардын сүрөттөрүн салат. 1-окуучу коробкадан 2 балыкты алат. 2-окуучу коробкада калган балыктарды санайт. Анда 4 балык. Мугалим 1-окуучудан сурайт:

- Сен канча балык алдың? (2)

- Канча балык калды? (4)

- Коробкада канча балык болгонун билиш үчүн эмне кылабыз? (2 балыкты кайра салабыз)

- Аткарууну кайсы амал менен белгилейбиз? (кошуу)

- Чыгарылышын жазабыз: 4+2=6

Жогоруда айтып кеткендей предметтик көрсөтмөлүү ыкмасы масeлени чыгаруунун алгачкы этабында колдонулат. Андан кийин бара-бара схематикалык моделдөө ыкмасы менен алмаштырса болот. Бул модель окуучуга амалдарды туура тандоого жардам берет.

Схематикалык моделдөө ыкмасында «кошуу» амалы төмөнкүчө берилет.




Схематикалык моделдөө ыкмасында «кемитүү» амалы төмөнкүчө берилет.




Математикалык көз караш менен караганда мындай схеманын негизи кошу жана кемитүү амалдарын так аткаруу. Мисалы; *текчеде 7 китеп турат, Айжан 2 китепти алды. Текчеде канча китеп калды?[2]*

Мугалим математикалык символдор менен жазгыла дегенде алар: 7-2=5 деп жазышат. Ал эми схемалык түрдө




Мугалим ушул эле масeлеге окшош масeле берет. Мисалы; *Акбар 3 козу карын, ал эми Асан 4*

*козу карын таап алышты. Бардыгы канча козу ка*рын болду?




Окуучулар дароо эле бул схемалардын сызыктарынын багыттарынын ар башка экенин сезишет. Талкуунун негизинде бул схемада «кошуу» амалы аткарыла тургандыгын айтышат. Андан кийин окуучулар математикалык символдор менен жазышат: 3+4=7

Мындан, баланы маселе чыгарууга үйрөтүүнү окутууда, окучу өз алдынча окуу ишмердүүлүгүн калыптандыруусу жана маселени чыгарууну билүүсү, б.а. баланы маселенин бардык түрүн билүү жана чыгарууну билүү эмес, өз алдынча маселенин түрлөрүн чыгарууга үйрөтүү болот.

**Адабияттар:**

1. Бекбоев И.Б., Ибраева Н.И. Математика. 2-класс, мугалимдер үчүн методикалык колдонмо, - Бишкек, 2011.
2. Бекбоев И.Б., Ибраева Н.И. Математика. 1-класс, - Бишкек, 2003.
3. Бекбоев Б.И., Ибраева Н.И. Математиканы 1-4-класстарда окутуу. - Бишкек, 2009.
4. Белошистая А.В. Методика обучения математике в начальной школе – Москва, 2011.
5. Макалалар жыйнагы, ТалМУ, - Бишкек, 2013.

**Рецензент: к.пед.н. Бектурова Э.О.**